**9- класстар үчүн  А.А.А.______________ классы ____  I  чейрек .  II  вариант .  Кыргыз тил**

1. Сугат үчүн түн эң жакшы убак.
   Алды сызылган сөздүн аткарган милдети?
а) ээ  б) баяндооч  в) аныктооч  г) толуктооч  д)бышыктооч
2.Сугарылган жердин аянтына бир аз гана үрөн сепкиле.
   Алды сызылган сөздүн аткарган милдети?
а) ээ  б) баяндооч  в) аныктооч  г) толуктооч  д)бышыктооч
3.Тили бай адам маданияты жогору болуп эсептелет.
   Алды сызылган сөздүн аткарган милдети?
а) ээ  б) баяндооч  в) аныктооч  г) бышыктооч  д ) толуктооч
4.Баатыр кол баштайт,чечен сөз баштайт.
   Алды сызылган сөздүн аткарган милдети?
а) ээ  б) баяндооч  в) аныктооч  г) бышыктооч  д ) толуктооч
5. Тойдо күлгөндөр күлкүчү атка конушту.
а) баяндооч  б) ээ  в) аныктооч  г) бышыктооч  д ) толуктооч
6. Ыкташуу байланышына мисалды белгиле.
а) улуттук маданият  б) дептерге жазуу  в)тилчи сүйлөдү  г) радиону оңдоду
 д)газетага жазылуу
7. Таандык байланышына мисалды белгиле.
а) маданияты жогору  б) жаңылыктарды жарыялоо  в)жакшы салт
 г) тажрыйба жүргүзүү  д) бийиктикке умтулуу
8. Башкаруу байланышына мисалды белгиле.
а) эки тоо  б) Азиянын элдери  в)бирдиктүү мамлекет  г) түнт адам  д)сууга баруу
9. Грамматикалык түзүлүшү боюнча бир тутумдуу сүйлөмдү белгиле.
а) Бирөөгө калп айтпа, акыры анын бети ачылат.
б)Ушундай терс көрүнүштөр аларга бат эле байкалат.
в) Оозуна ээ болбогон адам элге жек көрүнөт.
г) Адам баласы эмгектенүүдөн чарчабашы керек.
д) Бир карыя келе жатса, козу кайтарган бала жолугат.
10. Кайсы сүйлөмдө тыныш белгилери туура коюлган?
а) Кичипейил, адептүү, ыймандуу балдар өзү эле улуулардын жана кичүүлөрдүн сүймөнчүлүлүгүнө ээ болот .
б) Кичипейил адептүү ыймандуу балдар өзү эле улуулардын жана кичүүлөрдүн сүймөнчүлүлүгүнө ээ болот .
в) Кичипейил, адептүү ыймандуу балдар өзү эле улуулардын жана кичүүлөрдүн сүймөнчүлүлүгүнө ээ болот .
 г) Кичипейил, адептүү, ыймандуу балдар ,өзү эле улуулардын жана кичүүлөрдүн сүймөнчүлүлүгүнө ээ болот .
 д) Кичипейил адептүү, ыймандуу балдар өзү эле, улуулардын жана кичүүлөрдүн сүймөнчүлүлүгүнө ээ болот .
11. Кайсы сүйлөмдө тыныш белгилери туура коюлган?
а) Мырзафар, Адис,Нурсултан , үчөө сабактан качпай калышты.
 б) Мырзафар, Адис,Нурсултан –үчөө сабактан качпай калышты.
 в) Мырзафар, Адис,Нурсултан , үчөө- сабактан качпай калышты.
 г) Мырзафар, Адис-Нурсултан –үчөө сабактан качпай калышты.
 д) Мырзафар, Адис,Нурсултан ,үчөө -сабактан качпай-калышты.
12. Канаттуулардын оозунда тиштери жок, тиштин кызматын тумшугунун жука курч кырлары аткарат да, булардын жардамы менен жей турган тамагын кармап, же бөлүп – жарып жутат.
Жогорудагы көрсөтүлгөн текст стилдин кайсы түрүнө мүнөздүү?
 а) көркөм  б) илимий  в ) публицистикалык  г ) расмий  д) расмий эмес

13. Мындан беш жүз жыл мурда жашаган Бабурдун кылымга алтын сарайы, гүлбагы калган жок, анын ырлары акындын атагын чыгарып, анын ысмын Инсан баласы алиге эскерип жүрөт.

Жогорудагы көрсөтүлгөн текст стилдин кайсы түрүнө мүнөздүү?

а) илимий б) публицистикалык в ) көркөм г ) расмий д) расмий эмес

14. Өкүнүчтүү жагдай эмне себептен карт тарыхыбыздын айрым маалыматтары бизге жетпей келет? Мына ушудай көрүнүштөрдөн улам, архивдик маалыматтарды изилдеп, кийинки муундарга жеткизсек деген да ойлор келт

Бул текст кептин кайсы түрүнө тиешелүү?

а )баяндоо б) ой жүгүртүү в ) сүрөттөө

г) эч бирине тиешелүү эмес д) бардыгына тиешелүү

15.Чыгармачылык кубат сездирбей ______ келет. Анын ошол __________ кубаты чыгармачылык ийгиликти берет.

Бош орундарга кайсы сөздү ирети менен жайгаштырсак, сүйлөмдү туура түзгөн болобуз?

а) учуп/ учкан б) даңкталып/даңкталган в ) качып / качкан

г ) мээге/мээлик д) сыйкырдуу/ сыйкырдуу

16. Отчет кайсы стилге таандык?

а) көркөм б) илимий в ) расмий эмес г ) расмий д) публицистикалык

17. Доклад, реферат кайсы стилге таандык?

а) көркөм б) илимий в ) расмий эмес г ) расмий д) публицистикалык

18. Бабалар деңиз толкунундай бизге урунса андан биз ойгонобуз чыйралабыз намысыбызга келебиз келечекти баалайбыз рухий байлыгыбызды чогултабыз. .

Татаал сүйлөмдүн курамында канча жөнөкөй сүйлөм бар?

а ) 1 б ) 2 в) 3 г) 4 д)5

19. 1. Чоң энемдин айткан жомогун эстеп жүргөм. Жомоктун таасириби,айтор, жаңыдан ак кар кеткенде кичине ак гүл менен сүйлөшкөнүм эсимде.

2. Бажыракай , көздүн карегиндей жылтыраган ак гүлгө чөгөлөй калып, жанга угузбай, дос бололук деп шыбырагам.

3. А гүл да жооп берген.

4. Чын бала менен гүл сүйлөшө алат. Алар бири-биринин тилин түшүнө алышат. Ал үчүн кайрадан баладай наристе, таза болуш керек. Кайрадан бала болгон киши муну билер.

5. Жаз менен балалыктын жайдарылыгы окшошуп кетет. Жазды билиш үчүн баладай жароокерлик,аппак тазалык, баёо болуш керек.Чыгыштын бир акылманы айткандай, «… таңкы желдей эркин, эми эле ачылган гүлдөй жапжаңы жана мөлтүр тамчыдай таза болуп өмүр сүрө алсаң, анда бактылуусуң…»

19.1. Төмөндөгү ырастоолордун кайсынысы берилген тексттин негизги максатын так аныктайт?

а) чоң эненин жомогунун таасири б)кайрадан бала катары жаралуу

в)гүл менен баланын сүйлөшүүсү г) жаз менен балалыктын окшоштугу

д) балалык мезгилдин таза, баёо болушу

19.2. 5- абзацтагы негизги ой кайсы?

а) жаз менен балалыктын окшоштугун ачып көрсөтүү

б)чоңдордун жашоосунан балалык мезгилге кайтып келүү

в)жаз мезгилин сүрөттөө г) таза өмүр сүрүүнүн бакытка жол ачылышы

д) балалык мезгилди сүрөттөө

19.3. 1-абзацта кептин кайсы түрү орун алган?

а )баяндоо б) сүрөттөө в ) ой жүгүртүү

г) эч бирине тиешелүү эмес д) бардыгына тиешелүү